**УДК 372.3/4**

***Эсенгулова М. М., Кумушбекова К. Т.***
*КГУим. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***M. M. Esengulova, K.T. Kumushbekova***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

## ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУНУН КӨНДҮМДӨРҮН ЖАКШЫРТУУГА БАГЫТТАЛГАН МЕТОДДОРУНУН ТАЛДООСУ

## АНАЛИЗ МЕТОДОВ ОРИЕНТИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ, НАПРАВЛЕННЫХ НА УЛУЧШЕНИЕ НАВЫКОВ ЧТЕНИЯ

## ANALYSIS OF METHODS OF PERSONALITY-ORIENTED LEARNING AIMED AT IMPROVING READING SKILLS

***Аннотация:*** *Макалада инсанга багытталган окутуунун мааниси ачылып, башталгыч класстардагы окуучулардын окуу көндүмүн калыптандырууда жана өнүктүрүүдө инсанга багытталган окутуунун методдорунун талдоосу сунушталынат.*

***Негизги сөздөр:*** *инсанга багытталган окутуу; принциптер; жөндөмдүүлүктөр; дифференциация; индивидуалдуулук; фасилитатор; конструкция; конструктивдүү.*

***Аннотация:*** *В статье раскрывается значение личностно-ориентированного обучения, предлагается анализ методов личностно-ориентированного обучения в формировании и развитиии навыков чтения у учащихся начальных классов.*

***Ключевые слова:*** *личностно-ориентированное обучение, принципы, способности, индивидуальность, фасилитатор, конструкция, конструктивный.*

***Annotation:*** *The article reveals the importance of personality-oriented learning, the analysis of methods of personality-oriented learning in the formation and development of reading skills among primary school students is proposed.*

***Key words:*** *personality-oriented learning; principles; abilities; individuality; facilitator; constructive.*

Инсанга багытталган окутуу башталгыч класстагы окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүүдө негизги багыттарынын бири болууга тийиш. Ал окутуунун натыйжалуулугун арттырууга башталгыч класстарынын окуучуларынын инсан катары калыптандыруусуна жагымдуу шарт түзөт.

Инсанга багытталган окутуу – бул көңүл борборунда бала болгон окутуу. И. С. Якиманскаянын аныктамасына ылайык, инсанга багытталган окутуу – «бул окуучуну бүтүндөй билим берүү процессинин башкы каарманы катары таануу жана ушул негизги жобого шайкеш келиши»[5].

Инсанга багытталган окутуу – бул инсандын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен билим берүүгө коюлуучу ар түрдүү талаптарды чагылдырган окутуу болуп эсептелет. Талаптар төмөнкүлөр:

- билим берүүнүн негизги баалуулугу – инсандын оригиналдуулугу, өзгөчөлүгү жана кайталангыс уникалдуулугу, жеке индивидум катары калыптанып жаралышын кабыл алуу, таануу;
- дифференцияланган ар түрдүү деңгээлдеги окутууну ишке ашырууга керектүү билим берүүнүн альтернативдүү формаларынын болушу;
- ар бир окуучуга анын жеке өзгөчөлүктөрүнүн, турмуштук баалуулуктарынын, умтулууларынын негизинде, өзүнүн өнүгүү жолун өзү тандап алууга укуктун берилиши [1].

Ошондой эле, ар бир окуучунун кайталангыс өзгөчөлүгү төмөнкү параметрлер боюнча аныкталат:

- окуучунун таанып-билүүчүлүк тажрыйбасынын мазмунун аныктоо;
- окуу материалы менен иштөөдө материалдын мазмуну, түрү, формасы боюнча ал эмнеге көбүрөөк кызыгарына талдоо жүргүзүү;
- өздөштүрүлө турган программалык материалды окуп-үйрөнүүнүн ыкмаларын өзү тандашына мүмкүнчүлүк берүү;
- сабакта иштөөнүн формасын (жекече же топто), жооп берүүнүн тибин (доскага чыгуу же ордунда), жооп берүүнүн мүнөзүн (жазуу же оозеки, кеңири айтып берүү), кыскача жыйынтыктоо ж.б. өзү тандап алуусуна мүмкүнчүлүк берүү [1].

Инсанга багытталган мектепте билим берүүнүн башкы максаты болуп ар бир баланын жөндөмдүүлүгүн ачып аныктоо жана аны өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен шыктандыруучу чөйрө түзүү эсептелет.

Башталгыч класстын мугалими инсанга багытталган окутуунун принциптерин ишке ашыра турган эң негизги адам. Ал эң алгач жаңы окутуунун багыттары тууралуу маалыматка ээ болгон, ушул педагогикалык ойлорду башталгыч класстардын окуучуларына окутуу жана тарбиялоо процессинде сунуш кылган, өзүнүн окутуу педагогикасынын үстүнөн үзгүлтүксүз иштеген мугалим болушу зарыл. Азыркы күндө педагогика илиминде интеграциялоо процессинин алкагында биз өзүбүздүн гана кыргызстандык изилдөөлөргө таянбастан, чет өлкөлүк эл аралык педагогикадагы орчундуу изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына таянып жатабыз. Бул изилдөөлөр башталгыч класстардын окуучуларынын курагына тиешелүү алардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн ачык айкын аныктоого бир топ теорияларды сунушташат. Гарвард университетинин өнүгүү жана билим берүү психологиясы боюнча теоретиги Говард Гарднер 1983-жылы өзүнүн «Акыл эстин (интеллектин) түзүлүшү» аттуу китебинде акыл жөндөмдүүлүктөрүнүн көп түрдүү теориясын сунуштаган. Гарднер акыл-эс бир гана ыкма менен өлчөнүүчү бир кылка түзүлүш эмес деген жыйынтыкка келген. Ал акыл-эстин (интеллектин) жети түрү бар дейт. Гарднердин акыл жөндөмдүүлүктөрүнүн көп түрдүү теориясы «интеллект» түшүнүгүн олуттуу түрдө кеңейтет. Гарднердин айтуусу боюнча, ар бир адамда бир нече акыл-эстин (интеллектин) жөндөмдүүлүктөрү кездешет.
Говард Гарднер окуучунун акыл эсинин (интеллектисинин) төмөнкүдөй 7 түрүн сунуштайт:

| **Акыл эстин (интеллекттин) түрү** | **Аныктама** | **Окуучулардын билгичтиктери** |
|---|---|---|
| **Лингвистикалык** | • сүйлөө практикасында сөздөрдү жана тил каражаттарын колдонууга;<br>• сүрөөттөчү каражаттарга караганда сөз каражаттарын көп колдонууга;<br>• тамашөкөйлүк сезимди жакшы өнүктүрүүгө;<br>• тилдеги кылдат айырмачылыктарды бат түшүнүүгө**өзгөчө жөндөмдүүлүк** | Угуу<br>Сүйлөө<br>Жазуу<br>Окуяны айтып берүү |
| **Логикалык-математикалык** | • логикалык жана же сандык үлгүлөрдү колдонуу менен терең ойлонууга;<br>• ар түрдүү идеяларды/маалыматтарды тез байланыштырууга;<br>• суроолорду көп берүүгө;<br>• «эксперимент» жүргүзүүгө**өзгөчө жөндөмдүүлүк** | Проблеманы чечүү<br>Ой жүгүртүүдө, логикалык ырааттуулуктарды түзүүдө татаал байланыштарды колдонуу<br>Көзөмөлдөнүүчү эксперименттерди жүргүзүү<br>Татаал математикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү<br>Геометриялык формалар менен жакшы иштөө |
| Мейкиндиктик | • акыл-эс элестетүүлөрүн аныктоого;<br>• карталарды, фильмдерди, сүрөттөрдү ж.у.с. түшүнүүгө;<br>• практикалык нерселерди (отургуч, | Карталарды жана графиктерди түшүнүү<br>Турпаттарды иштете билүү |

| | | |
|---|---|---|
| | стол ж.ус.) оңой жасоого;<br>• жашаган жерин туш тарабынан абдан жакшы аныктоого;<br>• сүрөт тартууга болгон **өзгөчө жөндөмдүүлүк** | Куру/түзүү<br>Окуу<br>Аналогиялык баа берүү – суроолордун көп берген-диги менен өзгөчөлөнүп турат |
| Кыймылдык (кинесте-тикалык) | • объектерди ийкемдүүлүк менен кол-доно билүүгө;<br>• кыймыл-аракетти багыттоого;<br>• тең салмактуулукту сактоого;<br>• идеяны же нерсени түзүүдө, куруууда жана түшүнүүдө колу менен көп иштөөгө;<br>• кыймыл-аракет аркылуу өздөрүн көрсөтүүгө **өзгөчө жөндөмдүүлүк.** | Спорт<br>Кол өнөрчүлүк<br>Драма/жаңсоо<br>Идеяны же бир нерсени түзүүдө, куруууда жана түшүнүүдө колу менен көп иштөө<br>Дене-бой тилин абдан жакшы түшүнүү |
| Музыкалык | • айлана-чөйрөдөгү же табияттагы үндөрдү (аккан суунун шоокумун, коңгуроонун кагылышын ж.у.с.) аб-дан сезгичтик менен угууга;<br>• музыкага дароо көңүл буруууга (оң же терс маамилеси билинет).<br>• ыр же обон менен коштолгон текстти жакшы түшүнүүгө **өзгөчө жөндөмдүүлүк** | Музыкалык аспаптарда ойноо<br>Музыкалык чыгармалар-ды алардын ичинен то-налдуу чыгармалардын үлгүлөрүн бат айырма-лай билүү<br>Элестетүү үчүн өтө кыл-дат ченемдер берилгенде айырмалоо |
| Инсан аралык | • адамдар ортосунда иштерди уюшту-рууга, чыр-чатактарды элдештирүүгө;<br>• кызматташтыкты колдоого;<br>• көпчүлүк менен сүйлөшкөндө ба-яндоо (вербалдык) жана вербалдык эмес (жаңсоо) тилди пайдалана алууга **өзгөчө жөндөмдүүлүк** | Кеңеш берүү<br>Чыр-чатактарды жөнгө салуу<br>Команда түзүү<br>Өз ара мамилелерди түзүү<br>Лидерликти сунуштоо |
| Ички инсандык | • логикалык жана /же сандык үлгүлөрдү колдонууга;<br>• токтоо жана түнт, абдан туюмчул са-паттарга ээ;<br>• башкалар менен сүйлөшкөндө клас-стагы өзүнүн ролу жөнүндө көп айту-уга;<br>• маселенин маани-маңызын берилген мазмундан да ашырып терең түшүнүүгө **өзгөчө жөндөмдүүлүк** | Өз алдынча ой жүгүртүү<br>Командада иштей билүү |

Адамдардын ар түрдүүчө таанып билери байыркы заманда эле белгилүү болгон. Традициялык окутуу системасында акыл-эстин (интеллектин) жети түрүнүн экөөсүнө гана көңүл бурулуп, бааланат: лингвистикалык (оозеки сүйлөө кеби аркылуу биздин окуй турган, жаза турган жана катташа турган жөндөмдүүлүгүбүз) жана логикалык же математикалык интеллект. Теориянын авторунун ою боюнча, мындай тар мамиле окутуу тармагындагы окуучулардын дараметин (потенциалын) өтө чектейт [3]. Инсанга багытталган окутуунун алкагында мугалим ар бир окуучунун интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн изилдеп-үйрөнүп, алардын өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуу-тарбиялоо процессин пландаштырат. Пландаштырууга чейин мугалимден окуучулардын үйрөнүү стилин эске алуу менен окуу

ишмердүүлүгүн уюштурууну талап кылат. Класстагы ар бир окуучунун таанып билүү, кабыл алуу, эстеп калуу жөндөмдүүлүктөрү ар башка болгондуктан, ошол өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен мугалим окуу материалдарын дифференциялап иштеп чыгат [1]. Мындай кырдаалда окуучулардын көйгөйлөрдү чечүүгө, тапшырманы аткарууга жоопкерчилиги күчөп, предметти окуп-үйрөнүүгө кызыкчылыгы артат. Мугалим фасилитатор (багыт берүүчү, кенеш берүүчү) катары кызмат аткарып, окуучулардын өзүнө көбүрөөк мүмкүнчүлүк берүү менен, алардын бири-бири менен пикир алышып өз алдынча, жупта, топто иштөө менен окуп-үйрөнүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүп берет [1].

Башталгыч класстарда окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү көпчүлүк учурда адабий окуу сабагында ишке ашырылгандыгына байланыштуу биз ушул предметтен пайдалануучу инсанга багытталган окутуунун методдорун талдоонун жыйынтыгы менен тааныштырып кетүүнү туура таптык.

Башка бардык предметтер сыяктуу эле, башталгыч класстарда адабий окуу сабагын өткөрүүдө мугалимдердин инсанга багытталган окутуунун методдорун колдонуу тажрыйбасы кенен. Инсанга багытталган окутууну ишке ашыруунун негизги педагогикалык шарттары төмөнкүлөр:

1. Ар түрдүү адабий жанрдагы жана мазмундагы тексттерди окуп-үйрөнүүдө ар бир окуучуну инсан катары кароо, анын жетишкендиктерине колдоо көрсөтүү, өсүп-өнүгүүсүн көңүлгө алуу;

2. Мугалим окуучуга сабак берүүчү гана эмес, окуу материалын өздөштүрүүгө багыт берүүчү;

3. Сабакта окуучу көркөм чыгарманы жаттоо менен эмес, ички керектөөсү менен кызыгып, кубануу менен күчтөп окуусуна багыт берүү;

4. Адабий каармандарга адабий-теориялык талдоо менен эмес, алар окуучуларга түшүнүктүү жагдайда – кылык-жоругу, адеп-ахлактык сапаттары менен таасир этерлик деңгээлде талдап-үйрөнүүсүнө багыт берүү, сабакты ошондой жагдайда уюштуруу, окуучунун акыл эмгегин өнүктүрүү.

Класста 25-30 окуучу болуп турган шартта мугалим ар бир окуучу жекече иштей алышы үчүн жогоруда көрсөтүлгөн төрт педагогикалык шартты түзүү менен окууну уюштурат. Бирок, мугалимде дал мына ушул милдетке жооп бере тургандай дидактикалык материалдын болуусу зарыл. Мисалы, окуу китебиндеги тексттерди алалы. Андагы дидактикалык материалдар авторлор тарабынан иштелип берилет, мугалимдер аларды илимийлүүлүк, системалуулук, жеткиликтүүлүк, көрсөтмөлүүлүк ж.б. дидактикалык принциптерге ылайыктап, негиздеп тандап алышат. Бул тексттер мазмуну боюнча гана эмес маалыматтуулук типтери (баяндама, түшүндүрмө, сөздүкчө) боюнча да айырмаланат.

Инсанга багытталган окутуунун алкагындагы сабактардын негизги идеясы, өтүлүп жаткан тема боюнча окуучулардын (таанып-билүүчүлүк) тажрыйбасынын мазмунун аныктап, анын окуп-үйрөнүүчү билим (материал) менен байланыштырып, илимий мазмунга өткөрүү аркылуу өздөштүрүшүн камсыз кылуу болуп эсептелет. Ал үчүн жекече тапшырма карточкалар (иллюстративдик, таратылып берилүүчү материалдар) керек [1]. Салттуу сабакта мугалим окуучуларга материалды маалымдап түшүндүрөт (ал үчүн ар түрдүү методдорду пайдаланат), ал эми инсанга багытталган сабагында болсо, мугалим диалогду уюштуруучу фасилитатордук (координатордук) ролду аткарып, окуучуларды жеке өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүштүрүп, ар бир окуучунун максималдуу эмгектениши үчүн жагымдуу чөйрөнү түзөт.

Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө инсанга багытталган окутуунун методдорунун талдоосу жүргүзүлүп [2], алар төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүлдү:

| № | Топтор | Ыкмалар |
|---|---|---|
| 1. | Кабарлашып иштөө көндүмүн өнүктүрүүгө багытталган методдор | • Жуп болуп иштөө-пикир алышуу-ой жүгүртүү;<br>• чакан топтордо иштөө |
| 2. | Ойлорду графикалык системалаштыруу көндүмүн калыптандырууга багытталган методдор | • Кластер;<br>• түшүнүктөр картасын түзүү |
| 3. | Талаш-тартыш маданиятын калыптандырууга багытталган методдор | • Пикирлерди салыштыруу, пикир алмашуу;<br>• окуучулар ортосундагы талкуу, талаш-тартыштар |
| 4. | Чыгармачыл жазуучуну тарбиялоого багытталган методдор | • Синквейн;<br>• галереяны кыдырып көрүү;<br>• окутуп-үйрөтүүчү журналдар, ой-жүгүртүүлөр, жазылган күндөлүктөр |

Ушул методдорду пайдалануу менен мугалим инсанга багытталган окутуунун негизги максатын аткарууну көздөйт – ар бир баланын жөндөмдүүлүгүн ачып, алардын өз билимин конструкциялоону өркүндөтүүгө жардам берүү. Окуучулар билимдин баалуулугу – анын жашоого жөндөмдүүлүгүндө экенин түшүнгөнүндө гана өз билимдерин ийгиликтүү пайдалана алышат. Эгерде окуучу окуу процессинде дайыма пассивдүү ролду аткарса, анда ал турмушунда пайда болгон көйгөйлөрдү кимдир бирөө келип чечип берет деген ойдо гана болот. Себеби, сабакта дайыма же активдүү окуучу же мугалим анын ушундай кыймыл-аракетин калыптандырат. Мугалим түздөн-түз социалдык көндүмдөргө тарбиялоо: кошунасы менен мамиле түзө алуу, көйгөйдү чече билүү, кантип чечкенин түшүндүрө айтып берүү, эл астында презентациялоо максатын койсо, анда биздин коомго башкача көз караштагы инсандар келет деп ойлойбуз [4].Инсанга багытталган окутуу мугалимдер арасында белгилүү болуп калды, ошондуктан ушул багыттын ичинде сунуштап жаткан методдордун максаты абдан кенен экенин дагы белгилеп кеткибиз келип жатат.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек, 2011.
2. Низовская И. А. «Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын сөздүгү: окуу-методикалык окуу китеби. Бишкек: БӨБКФ, 2003.
3. Эсенгулова М. М., Асекова Ж. Д. Мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү. Бишкек, 2010.
4. Эсенгулова М. М., Асекова Ж. Д. Өнүгүүнүн жана окутуунун чексиз суроолору. Бишкек, 2011.
5. Якиманская И. С. Личностно-ориентированное обучение в современной школе. М., 1996.

**Рецензент:** *пед. ил. канд., доц. м. а. Асекова Ж. Д.*